УДК-821.512.122.09:177 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1.569**

“ТООЛОР КУЛАГАНДА” РОМАНЫНДАГЫ АРСЕН МЕНЕН ЖААБАРСТЫН ЖАБЫККАН ТАГДЫРЛАРЫ

Осекова Т.К., ОшМПУнун колледжи
ORCID: 0009-0000-0229-9833, osekova1956@gmail.com

СУДЬБЫ АРСЕНА И ЖААБАРСА В РОМАНЕ “КОГДА ПАДАЮТ ГОРЫ”»

Осекова Т.К., колледж Ошского государственного педагогического университета
ORCID: 0009-0000-0229-9833, osekova1956@gmail.com

THE INTERTWINED FATES OF ARSEN AND JAABARS IN THE NOVEL ‘WHEN THE MOUNTAINS FALL

Osekova T.K., Department of the College at Osh State University
ORCID: 0009-0000-0229-9833, osekova1956@gmail.com

Аннотация

Ч.Айтматовдун бийик көркөмдүктө жазылып, континенттен континентке учкул канат, ыйык сезим менен аралап, калың элдин сүйкүмдүү чыгармаларына айланган эмгектерин окуу ар бир кыргыз атуулунун ыйык парызы. XX кылымдагы дүйнөлүк адабиятта адам тагдырынын жалпылыгын, инсандардын бири-бирине болгон руханий байланышы өзгөчө орун ээлейт. Мындай маселени терең философиялык деңгээлде изилдеген жазуучулардын бири Ч.Айтматовдун чыгармаларында каармандарынын тагдырынын биримдиги, руханий жакындыгы, моралдык жоопкерчилик, улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын айкалышы болуп эсептелинет. Жазуучунун каармандары тагдырлаш принципте жашашат. Аларды бириктирген нерсе ички дүйнөнүн үндөштүгү. Алар ар кандай коомдук тоскоолдуктарга карабастан, жан дүйнө аркылуу бириккен тагдырлаш инсандар. Айтматовдун улуулугу болуп өткөн жана болуп жаткан окуяларды алаканга салгандай көрө билгендигинде жана аны өз чыгармаларында таамай да, элестүү да, коркөм да тартып көрсөтө алгандыгында. Ч.Айтматовдун чыгармачылыгындагы дагы бир өзгөчөлүк-абал канчалык оор болсо дагы чыдамкайлык менен күрөштүн акырына чыгуу. Макалада Ч.Айтматовдун өз чыгармаларында адамды, адам тагдырын ар дайым жаратылыш анын жаныбары менен биргеликте карагандыгы “Тоолор кулганда” романында Жаабарс менен Арсендин жабыккан тагдырларын салыштырып, чебер сүрөттөгөндүгү белгиленет.

Ачкыч сөздөр: *Ааламдашуу, адам, табият, тагдырлаш, жыныбар, жашоо, каарман, окшош.*

Аннотация

Чтение произведений Ч. Айтматова, написанных с высоким художественным мастерством и, словно окрылённые священным чувством, перелетающих с континента на континент, ставших любимыми для широких масс, является священным долгом каждого кыргызского гражданина. В мировой литературе XX века особое место занимает тема общности человеческой судьбы и духовной связи между людьми. Одним из писателей, глубоко исследовавших эту проблему на философском уровне, является Ч. Айтматов. В его произведениях отражаются единство судеб героев, их духовная близость, моральная ответственность, а также сочетание национальных и общечеловеческих ценностей.Герои писателя живут по принципу общности судьбы. Их объединяет созвучие внутреннего мира. Несмотря на различные общественные преграды, они остаются связанными духовно, как люди с единой судьбой. Величие Айтматова заключается в умении ясно видеть как прошедшие, так и происходящие события и точно, образно и художественно отражать их в своих произведениях.Ещё одной особенностью творчества Ч. Айтматова является то, что, каким бы тяжёлым ни было положение, его герои проявляют стойкость и доводят борьбу до конца. В статье подчёркивается, что в своих произведениях Айтматов всегда рассматривает человека и его судьбу в единстве с природой и животным миром. В романе

«Когда падают горы» он мастерски изображает и сопоставляет переплетённые судьбы Жаабарса и Арсена.

Ключевые слова: *глобализация, человек, природа, общность судьбы, животное, жизнь, герой, сходство.*

Abstract

Reading the works of Ch. Aitmatov, written with high artistic mastery and, as if carried on sacred wings, traveling from continent to continent and becoming beloved by wide audiences, is a sacred duty of every Kyrgyz citizen. In the world literature of the 20th century, the idea of the universality of human destiny and the spiritual connection between individuals occupies a special place. One of the writers who explored this issue at a deep philosophical level is Ch. Aitmatov. In his works, the unity of his characters’ destinies, their spiritual closeness, moral responsibility, and the harmony of national and universal human values are vividly reflected.The writer’s characters live according to the principle of shared destiny. What unites them is the harmony of their inner worlds. Despite various social obstacles, they remain spiritually connected as people bound by a common fate. Aitmatov’s greatness lies in his ability to clearly perceive both past and present events and to portray them accurately, vividly, and artistically in his works.Another distinctive feature of Aitmatov’s творчество is the idea that no matter how difficult the circumstances may be, one must endure and carry the struggle through to the end. The article emphasizes that in his works, Aitmatov consistently examines human beings and their destinies in unity with nature and the animal world. In the novel “When the Mountains Fall,” he masterfully depicts and compares the intertwined fates of Jaabars and Arsen.

Keywords: *globalization, human, nature, shared destiny, animal, life, character, similarity.*

Ч.Айтматовдун “Тоолор кулаганда” романы орус тилинде жазылып, а дегенде Мосвада 2006-жылы “ Дружба народов” журналына басылат. Кийинки жылы өзүнчө китеп болуп чыгып, дүйнөнүн көптөгөн тилдерине которулат. “Тоолор кулаганда” жазуучунун эң көп окурмандары бар немец тилине которулуп, “ Ак илбирс” (“Снежный барс”) деген ат менен чыккан. Экинчи аталышы “Вечная невеста” (“Түбөлүк колукту”).

XX кылымдагы дүйнөлүк адабиятта адам тагдырынын жалпылыгын, инсандардын бири-бирине болгон руханий байланышы өзгөчө орун ээлейт. Мындай маселени терең философиялык деңгээлде изилдеген жазуучулардын бири Ч.Айтматов. Жазуучунун чыгармалары каармандарынын тагдырынын биримдиги, руханий жакындыгы, моралдык жоопкерчилик, улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын айкалышы болуп эсептелинет. Жазуучу үчүн адам жалгыз жашаган субстанция эмес, ал коом, тарых, улут жана жалпы адамзат менен байланышта турган руханий жандык.[1] Жазуучунун каармандары тагдырлаш принципте жашашат. Аларды бириктирген нерсе ички дүйнөнүн үндөштүгү. Алар ар кандай коомдук тоскоолдуктарга карабастан, жан дүйнө аркылуу бириккен тагдырлаш инсандар. Ч.Айтматов өз чыгармаларында адамды, адам тагдырын ар дайым жаратылыш, анын жаныбары менен биргеликте карайт. Жазуучунун “Тоолор кулганда” романында Жаабарс менен Арсендин, “Гүлсарат” повестиндеги Танабай менен Гүлсарынын, “Кыямат” романындагы Бөрү эне Акбара менен Адамзат энеси Гүлүмкандын тагдыры бирге каармандар катары чебер сүрөттөгөн. Чындыгында табигаттын тирүү жандын баарына таандык мизинен танбаган өзгөрбөс бир шарты бар, ал тагдыр деген эмне экенин, Жараткан бешенеге эмне жазып койгонун алдын-ала биле албайт, кимдин кандай болоорун жашоо гана өзү көрсөтөт.

“Жан бүткөндүн баары үчүн дайыма бирдей болгон талашсыз бир чындык бар,- деп башталат чыгармада. Маңдайына жазылганды, тагдыр деген эмне экенин алдын ала эч ким биле албайт – кимге эмне буйруганын жашоо гана көрсөтөт, болбосо тагдырдын тагдыр болмогу кайсы... Дүйнө жаралгандан тартып дайыма ушундай болгон, бейиштен куулган Адам ата менен Обо энеден бери - бул да болсо тагдыр – ошондон тартып, тагдыр сыры баары жана ар бири үчүн кылымдан-кылымга, күндөн-күнгө, ар бир саат жана ар бир мүнөттө табышмак бойдон калууда”.[6;289-б] Ч.Айтматов тагдыр темасына өзгөчө басым жасап, бул темага бир нече ирет кайрылат. Тагдыр бир чети адам баласынын бешенесине жазылган адамдык табияты

менен бирге бүткөн жазуу болсо, экинчиден ошол жазылган тагдырын өмүрүндө ардактап, барктап алуу, ага этият мамиле кылуу жеке адамдын акылынан, үчүнчүдөн, тагдыр аны курчап турган чөйрөгө да тыгыз байланыштуу болот эмеспи![2.273-б] Романдагы каармандардын тагдырлары да улам татаалдашып, улам бири-бирине жакындап, байланышып олтурат.

“Тоолор кулаганда” романындагы Арсен эл быкпырдай кайнаган шаарда, ал эми Жаабарс күндүн нурун сындырган, бийик тоолордо,арасынан шамал өткүс арча өскөн тескейде, аппак кар алты айлап жаткан, адамдын изи көрө элек капчыгайда жашачу.

Жазуучу ааламдаштыруу же глобализация деп аталган нерсенин келиши, анын Ала-Тоодогу арышы тууралуу азыркы заманга кирип келген адамды романдагы Арсен Саманчиндин образы аркылуу берүүгө аракет кылды. Арсен Саманчин көп тил билген, интеллигент, билими башкаларга үлгү боло турган, илим-билимдүү, руханий талап мүдөөсү жогору эркин журналист. Анын учурдун талабына ылайык жазылган курч макалалары коомчулуктун көңүлүн буруп, окурмандарды кайдыгер калтырбайт. Чет элдик кесиптештери, маданият, коомдук ишмерлер менен теңата иштешип, бир нече проекттерге катышат. Арсен музыканы берилип сүйгөн романтик, ал “Сардал кыз” жөнүндөгү легенданын негизинде операнын либреттосун жазып, аны сүйгөнү Айдана Самарова аткарса деген чоң кыял тилеги бар эле. Ошондой эле сүйгөнү менен бактылуу жашоо өткөрүү, Сардал кыздын ариясын Айдананын аткаруусунда угуу анын кыял чабытынын негизи эле.

Ал эми Айдана бүгүнкү базар экономикасынын типтүү өкүлү. Аны кызыктырган абийир, махабат эмес, акча, атак-даңк. Ал көр тириликтин айынан кара жанын багуу, мансапка, атак-даңкка кызыгуу менен Эрташ Курчалга азгырылып кетти. Мындай көз көрүнөө чыккынчылык Арсен Саманчиндин жан дүйнөсүн талкалады. Эрташ Курчал көптүн бири катары эле белгисиз жүргөн пенде эле, аны менен адис катары да, адам катары да эч ким эсептешчүү эмес. Базар экономикасы аны Кыргызстандагы эң бай адамдардын тизмесине кошуп, коомчулуктун көңүлүн бурду. Ал шаардагы ресторан, кафелердин кожоюну, эстрадалык топтордун демөөрчүсү катары каалаган адамдарынын жашоо-турмушуна түздөн-түз кийлигишип, өзгөртө алат, керек болсо эки жаштын махабатына да бөгөт коё алат. Арсендин өмүрүнө залака келтирүү Эрташ Курчал үчүн опоңой иш, Айдананы Арсенден көз көрүнөө, зордук-зомбулуксуз эле тартып алат. Арсендин сүйгөнүн тарттырып жибергенине ичи ачышып, кайра кайрып алып, бактылуу болгусу келди. Бирок турмуш өз нугу менен өтүп, Айданасы андан алыстап бара жатты. Ал эми Эрташ Курчал өтө эпчил продюссер катары Айдананы музыкалык коомчулукка кирешелүү “сатып жатты”. Күрөштүн мындай жолунда Арсен алсыз жана аргасыз эле.

Чыгармадагы экинчи башкы каарман-ак илбирс. Анын аты Жаабарс. Анын мөңгү астындагы жашоосун бийик аскаларда, кар үстүндө өз олжосун не бир кыйынчылыктар менен кармаганын, жашоо үчүн күрөшүн жазуучу укмуштуудай чеберчилик менен сүрөттөгөн. Буржуйган бука желкелүү, чулу моюн, казанбак башы уюлташ, мышык кулагынан от жангандай жана да кара түндү как жара жалын чачкан чок көздүү Жаабарстын тулку бою шайдоот, узун, ары орошон, күч-кубатка толуп, гүл темгилдери даана көрүнүп, коюу, бирок жибектей жумшак жүн каптаган териси бул жердин табиятына жуурулушуп кай бир эзелки ырларда бакшылар менен хандар гана барс ичик кийип өтүшкөн деп айтылганы бекер болбосо керек. [2.293-б] Жаңылбас Жаабарс жер өңүтүн аныктап, кол салаар буйткасын буйдалбай тандап, жылжып аккан суунун жээгинде тоо эчкилерин күтүп жатып өзүнүн дем алуусу өзүнө угулуп, энтиккендей туюлду. Мындай учур катуу чуркаганда же азыгын алаарда түйүлө ыргыганда же ургаачы илбирстин ырахаты үчүн кан төгүлгөн эрөөлдө, көзүнө урунган жырткыч аттууну алкымдан муунтуп, жок кылаарда сезилчүү.Ал эми мындай азыгын аңдып, көздөгөнүн көзүнө байлап, бүт дитин ага арнап, ташуюл болуп турганда мындай энтигүү, өзүнүн дем алуусу өзүнө ачык угулуп турган абал болбошу керек эле. Бүгүн анын жүрөгү да баштагыдан бир башкача катуураак согуп, тамырынын кагышы кулагына жетип турду. Ооба, тагдыр деген акыры өз өкүмүн салат тура, кийинки мезгилде Жаабарстын тагдырында көп өзгөрүүлөр болду. Анткени өткөн кыштан бери үйүрүнөн кубаланып, жалгыздык жанына батып, азап жеп келет. Сурабай келген карылыктын жазасы ушул экен. Анын жан шериги

болуп жүргөн ургаачы барсына качантан бери көңүлү түшүп жүргөн жаш барс жанынан чыкпай калды. Ошондон кийин Жаабарстын эч кимге кереги жок болуп, намысы кармаган кезде кармашка чыгып, жеңилди. Алардын да өз жашоосу, өз мыйзамы бар, ошол нерсени бузууга эч кимдин акысы жок. Жаратылышта жашоо үчүн күрөшүүнүн табигый жалгыз принциби бар, ал күчтүү күчсүздүн үстүнөн үстөмдүк кылат. Жаабарс да кезеги келгенде бул таш боор мыйзамга баш ийди. Ал мындай арсыз күнгө калганча тобокелге салып, жаштыкка, сүйүүгө мас, бактылуу күндөрү калган ак карлуу көз жеткис Үзөнгүлөш ашуусун ашып, көздөн кайым болуп кетүүнү туура тапты. [2.287-б] Канчалык адамдардан алыс кетсе да, Жаабарстын жолу тар болду, адам буту баспаган жерге жете албады. Ээн-эркин жашап, өз жемин жеп жүргөн Жаабарс сырттан келген бүлдүргүчтөрдүн капканына кабылды, буга анын терисинин баалуулугу болду. Жаабарс эки ургаачы илбирс менен жашады, биринчиси улуу тоолор ураган жер титирөөдө мерт болгон, экинчиси менен жакшы жашап, эки тукум калды.[4;293-б] Чындыгында качырганын кармаган, көксөгөнүн аткарган Жаабарска келген карылыктын жазасы турмушунда көп нерсени өзгөрттү. Анын төл берген, жанында жүргөн ургаачысын башка жашыраак, ак илбирс – чунак кулак тартып кетти. Бул – тагдыр, маңдайга жазылган жазуу, бул – турмуш мыйзамы. Жаабарс жалгыз, өзүнүн бешенесине жазылган энчисинен ажырап кала берди, тукум улоо үчүн күрөштө табият дайыма кийинки жаш күчтөрдү тандайт тура. Өч алайын деди, бирок кандайдыр бир белгисиз күч, белгисиз үн, белгисиз эрк аны токтотту. Кимдир бирөө ичтен буйругандай – тукум улап жаткандарга тийбе, зыян келтирбе деп шыбырап айткандай болду. Өзүнүн дилинен угулган касиеттүү буйрук-үнүнөн улам касташына канжар болуп сайылар жолунан башка чапкандай бурула берип мүдүрүлдү да, беткелди жүрүп берди.[4;300-б] Ак мөңгүдө жашаган ак илбирс Жаабарстын тагдыры адамда – Арсен Саманчинде бөлөкчө шартта, башкача формада чагылдырылат. Арсен да эки жолу үйлөндү, эки жолу тең тагдыры тайкы болуп бакыт кушу конбоду. Ак илбирс деле, адам деле жаратылыштын жандыктары, экөөнүн тең башталышы, жаштыгы, карылыгы окшош болот, өмүр аягында экөө тең дене күч жагынан да, руханий жактан да капсалаңга кабылат. Романда Жаабарстын түгөйүн чунак кулак жаш барс ээрчитип кетсе, Арсендин сүйгөнү Айдананы Эрташ Курчал тартып алат. Аттиң десе, айдай сулуу Айданасы да атагы таш жарган акчалуу, байлыктуу Эрташ Курчалга ооп кетти. Тоодо Жаабарстын, шаарда Арсендин сүйүүлөрү тумчуктурулуп, экөөнүн сезими башкалар үчүн оюнга айланды. Арсен жалгыз калды, жалгыздык жанына батып, четке сүрүлгөн ал Эрташ Курчалды өлтүрүп, өч алып, андан соң өзүн өлтүрүү жөнүндө ойлонду.

“Ооба, бул түн Арсен Саманчинди түгөнбөс түйшүк азабына салган, өзү менен өзүн кармаштырган узун түн болду. Кыжаалат ойлордун кыйноосуна түшүп, чайпала берди... Ошол түнү жолу оңолбос Жаабарс да бийик ашуунун этегинде убайымга ууланып турду. Ал аймакта жалгыз гана ушунун көзү илинген жок. Бул дагы Кудай куткарбас санаага батып, ындыны өчүп, капага чөктү. Эмнегедир ал жер үстүнөн үмүт үзүп, жылдыздарга кеткиси келди. Ошол жылдыздарга ошол көз ирмемдерде Арсен Саманчин да карап турду. Анын да ошол жака кеткиси, эч качан эч нерсе ойлобой жашагысы келди.[4;382-б] “Жалгызга жылдыз жолдош” деп коёт эмеспи элибиз.

Арсендин да, Жаабарстын да арман, күйүт кошогун ким угат?! Сүйүү менен ишенимден, ынактык менен курбудан айрылган, муздаган, сыздаган Арсенге, Жаабарска ким жардамга келет?! Жан дүйнөлөрүн толтурчуу жан барбы?! Турмуштун жаратылыштын оор соккусу, мыйзам ченемдүүлүгү Арсен менен Жаабарстын тагдырын жабыркатты.

Агасы Бектур Саманчин “ Мерген” аңчылык фирмасынын жетекчиси Арсенди барстарга аңчылык кылууга келе жаткан араб ханзадаларына тилмеч болууга чакырат. Ошол мезгилде Жаабарс да ашуудан ашып кете албай, айланчыктап жүргөн. Демек, Арсендин тоого барып, Жаабарска жакындашуу кези алыс эмес.

Эл аралык аңчылар өз максаттарын орундатуу менен алек болуп, “Мерген” фирмасы ала турган пайдасын санап, ак илбирстер мөңгүнү аралап жүргөн кезде Арсен ойлонду: Бир жагынан чет элдик мергендер, экинчи жагынан аларга кол салуусу мүмкүн болгон Таштанафган баш болгон террорчулар. Арсендин ички дүйнөсү, адамдык абийири жол

бербеди, үнүнүн жетишинче Ала-Тоонун ак илбирстерине колуңарды тарткыла деп каршылык кылды. Ок атылып, бири Арсенге, экинчиси Жаабарска тийди. Бул өлүм калганын б.а ак илбирстерди да, барымтага алына турган чет элдиктерди да сактап калды. Чыгармада айтылгандай адамдын каны менен жырткычтын каны үңкүр таманында кошулуп, бир жерге билинбей сиңип жатты... Ушул саам, ушул мүнөттө адам менен жырткыч бир асмандын алдында, бир үңкүрдүн ичинде каршылыш да, кас эмес да болуп, сүйөнүшө катар жатышты.[4;531-б] Эч качан бирин-бири көрбөгөн, эки башка жакта жашаган тагдыры окшош каармандар өмүр аягында табышып, чогуу көз жумушту, атылган окко бет келип, ошентип, ааламдашуу доорунда эч жерге батпай калган туңгуюктан чыгууга жол таппай калган Арсен менен Жаабарстын аянычтуу окшош тагдырына чекит коюлду.

Айтматов бул чыгармасы аркылуу эгер адам өзүнүн жырткычтык напсисин тыя билбесе, ыйман-адебине кайтпаса, өз акылынын, ач көздүгүнүн курмандыгына айланып, чыныгы кыямат кайыңга туш болоорун түз да, кыйыр да эскертет. Айтматовдун жазуучулук философиясы адамдын улуулугуна, жаратылыштын түбөлүктүүлүгүнө, ыйык гуманизмге барып такалат.Турмуштук аныктыгы, образдарды сүрөттөөдөгү күчү боюнча Жаабарстын образы Арсендин образынан кем калышпайт. Жазуучу жеке тагдыр аркылуу жалпы адамзаттык көйгөйлөрдү ачат. Каармандар бири-биринен бөлүнбөйт, алар тарых, табият, коом менен бир бүтүндүктө жашашат.

“Тоолор кулаганда” романында адам менен жаратылыштын ортосундагы терең байланыш өзгөчө символикалык образдар аркылуу ачылып берилет. Бул чыгармадан Арсен менен Жаабарстын тагдырлары өз ара тыгыз байланышта экенин көрүүгө болот. Экөөнүн тең жашоосу трагедиялуу нукта өнүгүп, бири-бирин толуктап турган философиялык маани жаратат.

Арсен — замандын курмандыгы болгон адам. Ал адилеттик издеп, чындыкты жактап жашаганы менен коомдун ырайымсыз мыйзамдарына каршы тура албайт. Анын ички дүйнөсүндө чоң драматизм бар: бир жагынан адамдык абийир, экинчи жагынан жашоонун катаал шарттары. Арсендин тагдыры — бул руханий жалгыздыктын, түшүнбөстүктүн жана адилетсиздиктин символу. Ал коомдон обочолонуп, акырында өзүнүн ички дүйнөсү менен жалгыз калат.

Жаабарс болсо — жаратылыштын өкүлү, эркиндиктин жана табигый мыйзамдын символу. Бирок ал да адамдардын кийлигишүүсүнүн айынан өзүнүн табигый жашоо чөйрөсүнөн ажырап, трагедияга туш болот. Жаабарстын образы аркылуу автор жаратылышка болгон кайдыгер мамилени, адамзаттын өз кызыкчылыгы үчүн баарын курмандыкка чалууга даяр экенин көрсөтөт. Анын тагдыры — бул жок болуп бараткан табияттын кайгылуу үнү. Арсен менен Жаабарсты бириктирген негизги өзөк — бул жалгыздык жана трагедия. Экөө тең өз дүйнөсүндө “ашыкча” болуп калгандай сезилет. Арсен коомдо өз ордун таба албаса, Жаабарс табиятта өзүнүн коопсуз аймагынан ажырайт. Натыйжада экөөнүн тең жашоосу трагедиялуу аяктайт. Бул жерде автор адам менен жаратылыштын тагдыры бир экенин, бири кыйналса экинчиси да жабыркай турганын терең философиялык деңгээлде ачып берет. Мындан тышкары, Арсен менен Жаабарстын тагдырлары — бул моралдык кризистин көрүнүшү. Коомдо адеп-ахлактык баалуулуктар алсырап, материалдык кызыкчылыктар үстөмдүк кылган учурда адам да, жаратылыш да жапа чегет. Арсен — ошол бузулган коомдун ичинде кыйналган инсан болсо, Жаабарс — ошол эле коомдун табиятка тийгизген зыяндарынын курмандыгы.

Жыйынтыктап айтканда, Чыңгыз Айтматов бул чыгарма аркылуу адамзатка чоң эскертүү берет: эгер адам жаратылыш менен гармонияда жашабаса, өзүнүн да тагдырын талкалайт. Арсен менен Жаабарстын жабыккан тагдырлары — бул адам менен жаратылыштын ажырагыс биримдигинин жана ошол биримдик бузулгандагы трагедиянын көркөм чагылдырылышы.

Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын тагдыр окшоштугу адамзаттын жалпы руханий маселелерин чагылдырган маанилүү ыкма болуп саналат. Анын чыгармалары бүгүнкү күндө да актуалдуу болуп, дүйнөлүк деңгээлде дүңгүрөп, окурмандары үчүн руханий мурас болуп кала берүүдө.

Пайдаланылган адабияттар:

1. *Акматалиев.А “Ч.Айтматовдун чыгармачылык жолу” Ф 1989*
2. *Акматалиев.А “Ч.Айтматов” Бишкек 2008*
3. *Асаналиев К “Көркөм бийиктик”*
4. *Айтматов.Ч чыгарманын он томдук жыйнагы 5 том Бишкек 2018.*
5. *Айтматов.Ч 8 томдук жыйнагы 2-том*
6. *Share/google Аскадан угулган колуктунун ыйы.*

УДК: 811.512.1'1

ЭТНОЛИНГВИСТИКА ЖАНА ЫЙЫК «БИР», «ЖЕТИ» САНЫНДАРЫНЫН ТААНЫМДЫК САПАТЫ

Рысбаева Гульдархан Калиевна
Казакстан Республикасы, Нур-Мүбарак Египет ислам маданияты университети, чет эл филологиясы жана котормо иши кафедрасынын башчысы, филология илимдеринин доктору, профессор. guldarhan@inbox.ru
Маразыков Турусбек Сейдакматович
Кыргыз Республикасы, Ж.Баласагын атындагы кыргыз улуттук университети, тил илими кафедрасы, КР УИАнын корреспондент-мүчөсү, филология илимдеринин доктору, профессор. adsdi@inbox.ru
Тлебалдина Сауле Алимгазиновна
Казакстан Республикасы, Нур-Мүбарак Египет ислам маданияты университети, чет эл филологиясы жана котормо иши кафедрасы, окутуучу. Saukelek@mail.ru

ЭТНОЛИНГВИСТИКА И КОГНИТИВНАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА СВЯЩЕННЫХ ЧИСЕЛ «ОДИН» И «СЕМЬ»

Рысбаева Гульдархан Калиевна
Республика Казахстан, Египетский университет исламской культуры Нур-Мубарак, заведующий кафедрой иностранной филологии и переводческого дела, доктор филологических наук, профессор. guldarhan@inbox.ru
Маразыков Турусбек Сейдакматович
Кыргызская Республика, Кыргызский национальный университет имени Ж.Баласагына, кафедра общее языкознания, доктор филологических наук, профессор, член-корреспондент НАН КР, adsdi@inbox.ru
Тлебалдина Сауле Алимгазиновна
Республика Казахстан, Египетский университет исламской культуры Нур-Мубарак, кафедра иностранной филологии и переводческого дела, преподаватель. Saukelek@mail.ru

ETHNOLINGUISTICS AND THE COGNITIVE SIGNIFICANCE OF SACRED NUMBERS “ONE” AND “SEVEN”

Rysbayeva Guldarkhan Kalievna
Republic of Kazakhstan. Egyptian University of Islamic Culture Nur-Mubarak, Head of the Department of Foreign Philology and Translation Studies, Doctor of Philology, Professor. guldarhan@inbox.ru
Marazykov Turusbek Seydakmatovich